Жеңилдиктердин ордуна ар айлык акчалай компенсацияларды дайындоо тартиби жөнүндө жобого тиркеме

# Ар айлык компенсацияны дайындоо үчүн документтердин тизмеги

| № | Ар айлык компенсацияны алуучулардын категориялары | Маалыматтарды/документтерди берүү форматы | |
|---|---|---|---|
| | | **“Түндүк” ведомстволор аралык электрондук өз ара аракеттенүү системасы аркылуу мамлекеттик органдардын/жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын маалыматтык системаларына суроо-талап кылуу аркылуу** | **Арыз ээси тарабынан берилүүчү документ/маалымкат** |
| 1 | 2 | 3 | 4 |
| 1. | Улуу Ата Мекендик согуштун (мындан ары – УАМС) катышуучулары | УАМСка катышкандыгы тууралуу маалыматтар | арыз ээсинин паспорту |
| 2. | УАМСтын майыптары | 1) Улуу Ата Мекендик согушка катышкандыгы тууралуу маалыматтар;<br>2) майыптыгы тууралуу медициналык-социалдык эксперттик комиссиянын (мындан ары – МСЭК) маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) МСЭК тарабынан берилген майыптыгы жөнүндө маалымкат (МСЭКтин маалыматтар базасында маалыматтар жок болгон учурда) |
| 3. | концлагерлердин мурдагы жашы жетпеген туткундары | | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Экинчи дүйнөлүк согуш мезгилинде концлагерлерде, геттолордо, фашисттер жана алардын союздаштары Германиянын жана ага союздаш өлкөлөрдүн |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | аймактарында, ошондой эле мурдагы СССРдин жана Европа өлкөлөрүнүн алар басып алган аймактарында түзүшкөн мажбурлап кармоочу башка жерлерде болгон фактысын ырастаган согуш убагындагы документтери же болбосо концлагерлердин мурдагы жашы жетпеген (мурдагы СССРдин басып алынган аймактарында нацисттик куугунтуктоолор колдонулган учурга карата 18 жашка чейинки курактагы) туткундары үчүн керектүү маалыматтарды камтыган архивдик жана башка мекемелердин маалымкаттары же башка документтери |
| 4. | “За оборону Ленинграда” медалы же “Жителю блокадного Ленинграда” белгиси менен сыйланган адамдар | | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) “За оборону Ленинграда” медалынын же “Жителю блокадного Ленинграда” белгисинин күбөлүктөрү |
| 5. | УАМС жылдарында ооруктагы кайратман эмгеги жана кынтыксыз аскердик кызматы үчүн СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган, майыптыгы бар адамдар | МСЭКтин майыптыгы тууралуу маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) УАМС мезгилинде шаарларды жана аймактарды коргоодогу өтөгөн эмгеги жана өзгөчөлүгү үчүн уюштурулган сыйлыктардын ордендик китепчелери же күбөлүктөрү.<br>Мындай сыйлыктарга УАМС мезгилинде шаарларды жана аймактарды коргоодогу өтөгөн эмгеги жана өзгөчөлүгү үчүн уюштурулган төмөнкү медалдар кирет: |
| 6. | УАМС жылдарында ооруктагы кайратман эмгеги жана кынтыксыз аскердик кызматы үчүн СССРдин ордендери жана медалдары менен сыйланган, | | |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | майыптыгы жок адамдар | | – “За доблестный труд в Великой Отечественной войне 1941–1945 гг.”;<br>– “За победу над Германией в Великой Отечественной войне 1941–1945 гг.”;<br>– “За победу над Японией”;<br>– “За отвагу”;<br>– Ушаков медалы;<br>– “За боевые заслуги”;<br>– Нахимов медалы;<br>– “За трудовую доблесть”;<br>– “За трудовое отличие”;<br>– “За оборону Москвы”;<br>– “За оборону Одессы”;<br>– “За оборону Севастополя”;<br>– “За оборону Сталинграда”;<br>– “За оборону Киева”;<br>– “За оборону Кавказа”;<br>– “За оборону Советского Заполярья”.<br>Согуштан кийинки мезгилде (1945–1949-жылдар) сыйлоо документтери жоголуп кеткен учурда, күбөлүктүн номерин жана сыйланган күндү көрсөтүү менен эмгек китепчесиндеги жазуу же архив мекемесинин маалымкаты талап кылынат.<br>“За доблестный труд в Великой Отечественной войне 1941–1945 гг.” медалы менен сыйланган адамдар облустук, шаардык жана райондук мамлекеттик администрациялардын 1988–1995-жылдардагы чечимдери боюнча медалдардын күбөлүктөрүн же аталган чечимдердин көчүрмөлөрүн көрсөтөт |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 7. | саясий жана диний ынанымдары, социалдык, улуттук жана башка белгилери боюнча репрессиялардын кесепетинен жабыркаган, реабилитацияланган жарандар | 1) пенсиянын дайындалгандыгы жөнүндө маалыматтар;<br>2) МСЭКтин майыптык тууралуу маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Кыргыз Республикасынын Башкы прокуратурасынын саясий жана диний ынанымдары, социалдык, улуттук жана башка белгилери боюнча репрессиялардын кесепетинен жабыркагандарды реабилитациялоо же жабыркагандар деп таануу жөнүндө маалымкаты |
| 8. | УАМСте курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү | 1) никеси тууралуу маалыматтар (жубайына ай сайын компенсация дайындоодо);<br>2) аскер кызматчысынын туулгандыгы тууралуу маалыматтар (каза болгон жоокердин ата-энесинин бирине ай сайын компенсация дайындоодо);<br>3) УАМСтин катышуучусунун каза болгондугу тууралуу маалыматтар;<br>4) УАМСте аскер кызматчысынын кызматтык милдеттерин аткарууда каза болгондугу тууралуу маалыматтар | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) райондук/шаардык аскер комиссариаттары тарабынан берилген УАМСте аскер кызматчысынын каза болгондугу тууралуу маалымкат |
| 9. | УАМСтин каза болгон катышуучуларынын кайрадан никеге турбаган жесирлери (жесилдери) | 1) никеси тууралуу маалыматтар;<br>2) УАМСтин катышуучусунун каза болгондугу тууралуу маалыматтар; | арыз ээсинин паспорту |
| 10. | УАМСтин каза болгон майыптарынын кайрадан никеге турбаган жесирлери (жесилдери) | 1) никеси тууралуу маалыматтар;<br>2) УАМСтин катышуучусунун каза болгондугу тууралуу маалыматтар | арыз ээсинин паспорту |
| 11. | башка мамлекеттердин | 1) башка мамлекеттердин | 1) арыз ээсинин паспорту; |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | аймагындагы согуштук аракеттерде жаракат алган майып аскер кызматчылары | аймагындагы Кыргыз Республикасынын жарандарынын катышуусундагы согуштук аракеттерге катышкандыгы тууралуу маалыматтар;<br>2) МСЭКтин майыптык тууралуу маалыматтары | 2) МСЭК тарабынан берилген майыптык жөнүндө маалымкат (МСЭКтин маалыматтар базасында маалыматтар жок болгон учурда) |
| 12. | башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттердин катышуучулары | башка мамлекеттердин аймагындагы согуштук аракеттерге катышкандыгы тууралуу маалыматтар | арыз ээсинин паспорту |
| 13. | СССРди коргоодо же башка мезгилдерде аскердик кызматтын башка милдеттерин аткарууда алган жаракаттын, контузиянын, мертинүүнүн же оорунун кесепетинен майып болуп калган аскер кызматчылары | 1) Советтик армияда аскердик кызмат өтөгөндүгү тууралуу маалыматтар;<br>2) МСЭКтин аскердик кызматты өтөөдө майыптыкты алгандыгы тууралуу маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) МСЭК тарабынан берилген майыптык жөнүндө маалымкат (МСЭКтин маалыматтар базасында маалыматтар жок болгон учурда) |
| 14. | аскердик кызматтын милдеттерин аткарууда курман болгон аскер кызматчыларынын үй-бүлөлөрү | 1) никеси тууралуу маалыматтар (жубайына ай сайын компенсация дайындоодо);<br>2) аскер кызматчысынын туулгандыгы тууралуу маалыматтар (ата-энесинин бирине ай сайын компенсация дайындоодо);<br>3) аскер кызматчысынын каза болгондугу тууралуу маалыматтар | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) райондук, шаардык аскер комиссариаттары тарабынан берилген аскердик кызматтын милдеттерин аткарууда аскер кызматчысынын курман болгондугу жөнүндө маалымкат |
| 15. | Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепетинен жабыркаган майыптар жана нур оорусуна кабылган жана ооруган адамдар | 1) аскер кызматчысынын Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышкандыгы тууралуу маалыматтар;<br>2) МСЭКтин майыптык тууралуу маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Республикалык ведомстволор аралык эксперттик кеңештин оорусу ЧАЭС апаатына байланыштуу экендиги тууралуу корутундусу;<br>3) МСЭК тарабынан берилген майыптыгы тууралуу маалымкат |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | | (МСЭКтин маалыматтар базасында маалыматтар жок болгон учурда) |
| 16. | 1986–1987-жылдары Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепеттерин жоюу боюнча жумуштарга катышкан адамдар | аскер кызматчысынын Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепеттерин жоюуга катышкандыгы тууралуу маалыматтар | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Чернобыль апаатынын кесепеттерин жоюуга катышкан датаны көрсөтүү менен ишкананын маалымкаты;<br>3) Республикалык ведомстволор аралык эксперттик кеңештин корутундусу |
| 17. | 1988–1989-жылдары Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепетин жоюу боюнча жумуштарга катышкан адамдар | аскер кызматчысынын Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепеттерин жоюуга катышкандыгы тууралуу маалыматтар | арыз ээсинин паспорту |
| 18. | Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепетинен каза болгондордун, нур оорусунун кесепетинен каза болгондордун, 1986–1987-жылдары Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепетин жоюуда каза болгон майыптардын жана катышуучулардын үй-бүлөлөрү | 1) никеси тууралуу маалыматтар (1986–1987-жылдары Чернобыль АЭСиндеги аварияның кесепетин жоюуда курман болгон же каза болгон майыптын же катышуучунун жубайына компенсация дайындоодо);<br>2) туулгандыгы тууралуу маалыматтар (курман болгондун же каза болгондун ата-энесинин бирине ай сайын компенсация дайындоодо) | арыз ээсинин паспорту |
| 19. | Чернобыль апаатынын кесепетинен радиацияга дуушар болгон ата-энелериндеги генетикалык өзгөрүүлөрдөн улам тукум куума оорулары жана өнүгүүсүндө аномалиялары бар биринчи жана | 1) баланын туулгандыгы тууралуу маалыматтар;<br>2) Чернобыль АЭСиндеги аварияны жоюуга катышкандыгы тууралуу маалыматтар (атасы, чоң атасы) | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Чернобыль АЭСиндеги аварияны жоюунун катышуучусунун өзүнүн (атасы, чоң атасы) аварияны жоюуга катышкан датасын көрсөтүү менен ишкананын маалымкаты;<br>3) Чернобыль АЭСиндеги аварияны |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | кийинки эки муундун балдары | | жоюунун түздөн-түз катышуучусуна (атасына, чоң атасына) берилген Республикалык ведомстволор аралык эксперттик кеңештин корутундусу;<br>4) Чернобыль АЭСиндеги авариянын кесепеттерин жоюуга катышкан ата-энелеринин радиоактивдүү нурлануусунун мүмкүн болуучу генетикалык кесепеттери менен шартталган тукум куума оорулары болгон учурда радиациядан жабыр тарткандардын биринчи жана кийинки эки муундарынын балдары (18 жашка чейинки) үчүн – Кыргыз мамлекеттик медициналык – дозиметриялык регистрдин маалымкаты |
| 20. | кызматтык милдеттерин же кызматтык парзын аткарууга байланыштуу курман болгон, ошондой эле кызмат өтөө мезгилинде алган жаракаттын, мертинүүнүн, оорунун кесепетинен улам кызматтан бошогондон кийин каза болгон ички иштер органдарынын кызматкерлеринин үй-бүлөлөрү | 1) никеси тууралуу маалыматтар (жубайына ай сайынкы компенсация дайындоодо);<br>2) аскер кызматчысынын туулгандыгы тууралуу маалыматтары (ата-энесинин бирине ай сайын компенсация дайындоодо);<br>3) ички иштер кызматкеринин каза болгондугу тууралуу маалыматтар | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) кызматтык милдеттерин жана кызматтык парзын аткарууга байланыштуу жубайынын, уулунун (кызынын) курман болгондугу жөнүндө маалымкат же кызмат өтөө мезгилинде алган жаракаттын, мертинүүнүн, оорунун кесепетинен каза болгондугунун себептерин көрсөтүү менен кызматтан бошогондон кийин каза болгондугу тууралуу күбөлүк |
| 21. | “Кыргыз Республикасынын ардактуу донору” төш белгиси менен сыйланган адамдар | “Кыргыз Республикасынын ардактуу донору” наамын ыйгаруу жөнүндө буйруктун бар | арыз ээсинин паспорту |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | | экендиги тууралуу маалыматтар | |
| 22. | көрүүсү боюнча (биринчи жана экинчи топтогу) жана угуусу боюнча бала кезинен (тубаса дүлөй, дүлөй-дудук) ден соолугунун мүмкүнчүлүктөрү чектелүү адамдар | майыптыгы тууралуу МСЭКтин маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) МСЭК тарабынан берилген майыптыгы жөнүндө маалымкат (МСЭКтин маалыматтар базасында маалымат жок болгон учурда) |
| 23. | 1993-1999-жылдары тажик-афган участогунда Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин чек арасын кайтарууну күчөтүү боюнча эл аралык келишимдерге жана макулдашууларга ылайык милдеттерди аткарган Кыргыз Республикасынын аскер кызматчылары | 1993-жылдан баштап 1999-жылга чейинки мезгилде тажик-афган мамлекеттик чек ара участокторун кайтарууга катышкандыгы жөнүндө маалыматтары | 1) арыз ээсинин паспорту;<br>2) Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин архивдик маалымкаты (аскер кызматчысынын 1993-жылдан 1999-жылга чейинки мезгилде тажик-афган мамлекеттик чек арасынын участокторун кайтарууга катышуусун ырастаган документ) (Кыргыз Республикасынын Коргоо министрлигинин маалыматтык системасында маалыматтар жок болгон учурда) |